**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№ 2(6)/2025, 150-156

**УДК: 7.78.01**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_2(6)_18

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

## ФОРМИРОВАНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ТРАДИЦИОННОЙ МУЗЫКАЛЬНОЙ КУЛЬТУРЫ

## FORMATION OF KYRGYZ TRADITIONAL MUSICAL CULTURE

**Исаков Кубанычбек Абдыкадырович**
*Исаков Кубанычбек Абдыкадырович*
*Isakov Kubanychbek Abdykadyrovich*

**философия илимдеринин доктору, профессор Ош мамлекеттик университети**
*доктор философских наук, профессор Ошский государственный университет*
*Dr. Professor, Osh State University*
isakov-oshgui@mail.ru
ORCID: 0009-0007-2035-0453

---

**Султанова Тахмина Мухтаровна**
*Султанова Тахмина Мухтаровна*
*Sultanova Takhmina Mukhtarovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

---

**Кубатбекова Аруукe Кубатбекована**
*Кубатбекова Аруукe Кубатбекована*
*Kubatbekova Aruuke Kubatbekova*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**Аннотация**

Макалда улуттук маданиятыбыздын эн тамгасы катары кыргыз эилнде салттуу музыканын калыптануу этаптары, анын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөрү жөнүндө музыка таануу тармагындагы илимпоз-изилдөөчүлөрдүн эмгектерине терең назар салуу менен улуттук музыканын айрым илимий жагдайлары анализге алынды.

***Ачкыч сөздөр:*** элдик аспаптар, музыкалык фольклористика, импровизация, рухий маданият, комуз, салттуу музыка, соната, сюита, симфония, вариация

***Формирование кыргызской традиционной музыкальной культуры***

**Аннотация**
В статье анализируются некоторые научные аспекты национальной музыки, особое внимание уделяется трудам музыковедов об этапах становления традиционной музыки у кыргызского народа, особенностях ее развития, как отличительной черте нашей национальной культуры.

***.Ключевые слова:*** народные инструменты, музыкальная фольклористика, импровизация, духовная культура, комуз, традиционная музыка, соната, сюита, симфония, вариация

***Formation of kyrgyz traditional musical culture***

**Abstract**
The article analyzes some scientific aspects of national music, paying special attention to the works of musicologists on the stages of formation of traditional music among the Kyrgyz people, the features of its development, as a distinctive feature of our national culture

***Keywords:*** folk instruments, musical folklore, improvisation, spiritual culture, komuz, traditional music, sonata, suite, symphony, variation

**Введение**

Маданият таануу тууралуу философиялык ой жүгүртсөк – бул коомдогу өзгөчө көрүнүш, адам турмушу же адам турмушунун калыптанган жолу жана ыгы, жарандардын өсүп-өркүндөшүнүн формасы, өз ара карым-катышынын ирет-тартиби. Ал бир жерде токтоп турбастан, өнүгөт, өсөт, бийиктейт, өзгөрөт жана буга илим, билим, музыка, медицина, саясий тармак, техниканын өнүгүшү, материалдык байлык ж.б. факторлор себеп экендиги бизге маалым.

Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү тууралуу тарых илимдеринин доктору, профессор И.Б. Молдобаев да өзүнүн оюн мындайча билдирген: “Эпос өзүнүн поэтикалык саптарында көптөгөн тарыхый-этнографиялык маалыматтарды, анын ичинде байыркы кыргыздардын мамлекеттүүлүккө ээ экендиги ырастыгын билдирген. “Манас” эпосу өзүнүн саптарында көркөм түрүндө тарыхый окуяларды жана этнографиялык маалыматтарды гунндардын мезгилинен баштап (б.э.ч. III кылымдан бери) жана XX кылымдын башына чейин чагылдырган”. Демек, окумуштуулардын айтымына караганда, байыртадан эле мамлекеттүүлүккө ээ болгон кыргыз элинин көркөм өнөрчүлүгүнүн өнүккөндүгүн айтууга болот. Ошондуктан, байыртадан бери эле, кыргыз элинин аспаптык аткаруучулук өнөрү музыкалык маданиятында эң орчундуу орунду ээлеген. “Ар бир маданият – бул адамдын дүйнөгө жана жеке өзүнө болгон белгилүү бир мамилесинен жаралган кайталангыс аалам”, - деп жазат философия илимдеринин доктору, профессор М. Жумагулов. Мындай ой толгоо, философия илимдеринин кандидаты, профессор Ж.С. Саякбаев айткандай байыркы кыргыздардын Улуу мамлекетинен чыккан ойчулдардын, окумуштуулардын, ырчы-акындардын, аспапчы-күүчүлөрдүн пайда болушу менен, музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн өсүп-өнүгүүсүнө мүнөздүү болгондугун билдирет [9, 62-63 бб.].

Кыргыз элибиздин байыркы тарыхын жана маданиятын оозеки санжыралардан, уламыштардан байыркы кытай, араб, тибет, монгол жазууларынан, таштагы чийүү сүрөттөрдөн жана рун жазуулардан таба алабыз. Анткени, кыргыз эли байыркы руханий маданиятын кайда, кантип сактап калууну билишкен жана алар жарымын кара таш бетине түбөлүккө чегип калтырса, калганын жүрөгүнө жашырып, ырга, күүгө айлантып, калың калкка тартуулап, муундан муунга, атадан балага өткөрүп келишкен.

Кыргыз элибиздин күчтүү маданий-рухий дүйнөсү, башка элге баш бербеген жеңилбес касиети жана элге канат болгон энчиси да болгон. Белгилүү кыргыз музыка изилдөөчүсү Б. Алагушов “...темир доорундагы адамдар биздин заманга чейинки II миңинчи жылдагы маданият эстеликтеринин эң сонун үлгүлөрүн аскалардын бооруна тартып калтырышкан. Өзгөчө түштүктөгү “Саймалуу-Таш” деп аталган кооз өрөөндөгү аскаларга тартылган ар бир сүрөт, ар бир таш не бир терең сырларды баяндайт” - деп жазат өзүнүн эмгегинде [1, 7-б.].

Кыргыз элдик аспаптары ар түрдүү жана алардын добуштары да түрдүү мүнөздүү болуп бөлүнөт. Алардын бирөө коңур добуштуу келсе, экинчиси – назик, үчүнчүсү – жумшак, дагы бири кубаттуу болот. Элдик аспаптардын мүнөздөрү тууралуу музыка таануучу А.Н. Сохор мындайча жазган: “Аспаптардын добуштарынын динамикасынын эмоционалдык таасири абдан күчтүү. Өтө күч-кубаттуу добуштар (же бара-бара добуштун күч алуусу) кескин түрдө сезимди козгоону пайда кылат”. Элдик аспаптар тууралуу ошондой эле Н.Я. Бичуриндин, Н.В. Кюнердин, Б. Сабыр уулунун эмгектеринен да биле алабыз.

Кыргыз улуттук музыкалык фольклористикасынын калыптануусунун алгачкы мезгилинде А.В. Затаевич "Кыргыз музыкалуулугунун эң салмактуу борбору жана бул элдин чоң баалуулук, зордуулугу жана оригиналдуулугу боюнча музыканын кенч-казынасына олуттуу салым кошо ала тургандыгы ушул аспаптык күүлөрүндө," – деп баса белгилеген [6, 31-б.]. А.В. Затаевичтин кыргыз элдик музыкасын чогултуудагы эмгектери зор, ал элдик музыканын үлгүлөрүн эл арасынан жыйноо менен бирге, нотага түшүрүүнү баштап берген. Элдик музыканын жанрларын, элдик аспаптарды классификациялап жазып чыгып, ар бир музыкалык чыгармага адабий формада анализдеп – талдап жазган. Анын "Кыргыз аспаптык күүлөрү жана обондору" деген китебине М. Күрөңкеев, К. Орозов, Ж. Боогачинов, М.Б аетов, А. Огонбаев, М. Мусулманкулов, Ы. Туманов, К. Акыевдердин ыр-күүлөрү кирген. Ал Т. Сатылгановдун он сегиз комуз күүсүн жогоруда аталган китебине киргизген. Жазып алынган чыгармалар аркылуу Т. Сатылгановдун комузда ойноо ыкмасын да так – даана сүрөттөп берген [5, 80-б].

Музыка изилдөөчү К. Дюшалиев "Кыргыз эл музыкасы" деген эмгегинде Комуз музыкасын жалпы илимий принципке таянып **үч** негизги топко бөлгөн. ***Биринчи топко*** ырдан келип чыккан, башкача айтканда, ырдык генезис менен байланышкан миниатюралык күүлөрдү киргизген. ***Экинчи топко*** – айтым күүлөрдү киргизсе, ***үчүнчү топко*** - чоң масштабдуу классикалык залкар жана кара күүлөрдү киргизген. Комуз музыкасындагы экинчи жана үчүнчү топтор оозеки салттагы концерттик музыканын жанрлары болуп эсептелет. Комуздун чыгармачылык практикада күүлөрдүн аталган үч тобунун ортосунда өз ара байланыштар, аралашма же өтмө жанрдык типтеги комуз чыгармалары пайда болушу мүмкүн. Бул импровизациялык чыгармачылыктын табиятына толук туура келе турган көрүнүш экендигин жазган. Ал эми музыка изилдөөчү С. Субаналиев "Кыргыз элдик музыкалык аспаптары" деген эмгегинде темир комуздун репертуарын түзгөн күүлөрдү үч түрдүү стилистикалык катмарга бөлгөн: 1) обондор менен болгон байланышы сакталган күүлөр, 2) обондун өзү, 3) күү – импровизациялар [10, 59-б.].

Күүлөр элдик профессионалдык музыкалык чыгармачылыкта комуз күүлөрү, темир ооз комуз күүлөрү, чоор күүлөрү, сурнай күүлөрү, жыгач ооз комуз күүлөрү деп бөлүнүшөт. Көптөгөн күүлөр элдик ырлардын обондорунун негизинде жаралган. Бул жагдайда Б. Алагушов мындайча жазган: "Карамолдо кээ бир күүлөрүнүн негизги данын элдик обондордун кайруусунан алган. Аларды форма, ойноо ыкмасын жана мазмун жагын көркөмдөп иштеп чыккан. Мисалы, Карамолдо Мурataалыдан Капал менен Байгазынын "Көкөй-Кести", "Сынган бугу" деген кичинекей обон күүлөрүн үйрөнөт. Бирок, Карамолдо бул күүлөрдү не бир ченем жеткис бийик көркөмдүккө, не бир жүрөктүн кылын черткилеген назиктүүлүккө жеткирген" . Изилдөөчү айткандай, автор бул күүгө өзгөчө импровизациялоо менен варианттуу түрдө ойнолгон форманы берген жана ошону менен бирге ага тематикалык материалдагы обонду иштеп чыгуу элементин киргизген. Ал эми элдик ыр "Бешик ырынын" обонунун өзөгүнөн алынган күүсү "Бешик күүсү" деп аталып чертилет. Мындай мисалдарды көп келтирсе болот. Элдик комузчулардын репертуарында "Бешик күү", "Айтым күү", "Көйрөң күү", "Угузуу күү", "Бий күү" сыяктуу аталыштагы күүлөр дагы арбын кездешет. Бий күүлөр да өз ичинен ар кандай: "Талма бий", "Жинди бий", "Кара жорго" аталыштарда кеңири тараган. Бий күүлөрүнүн башка күүлөргө салыштырмалуулугу, бийчинин аталган күүлөрдүн коштоосунда бийлешинде. Белгилүү бийчи З. Молдобакиров элдик салттуу "Талма бий" күүсү тууралуу мындайча жазган: "1924-жылы Каркыра жайлоосунда болуп өткөн жарманкеде, ак

калпакчан кыргыз жигити комуздун коштоосунда “Талма бийди” бийлеген экен. Аны немис окумуштуулары кинопленкага тартып алышкан. Ал тасма бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Анда бийчинин тулку боюнун кыймылдашы өзгөчө көрүнүп турат: колдорунун, манжаларынын, буттарынын кыймыл-аракеттери ж.б. бий элементтерин комуз күүсүнүн коштоосунда күүнүн ыргактарынын жүрүшүнө шайкеш келгенин көрөбүз” [8, 57-58-беттер].

Карамолдонун күүлөрүнө музыка изилдөөчүлөр В. Виноградов менен А. Затаевич өтө жогору баа беришкен. А. Затаевич өзгөчө “Койчулардын коңур күү” Карамолдонун репертуарындагы эң мыкты номер экендигин жана күүнүн көркөмдүгү, андагы гармониянын жана үндөрдүн айкалышкан мүнөздүүлүгү, баарынан да оригиналдуулугу жана өз ара тыгыз байланыш-кан формаларынын эң мыкты иштелип чыккандыгын айткан [7, 38-б.].

Кыргыз элдик күүлөрүнүн байыркылыгы жана салттуулугу, алардын бүгүнкү күнгө чейин салт катары сакталып келиши тууралуу М. Касей мындайча жазган: “Байыркы элдин жашоо-тиричилигин, тарыхын, дүйнө таанымын чагылдырган элдик-салттык музыкасы нечендеген кылымдар ичиндеги муундар аркылуу өзүнө мүнөздүү спецификадагы эстетикалык көрүнүш катары калыптанып, бүгүнкү күнгө чейин өнүгүп, кыргыз маданиятында чоң орунду ээлеп келгендигин айтууга болот” [2, 110-б.].

Комуз күүлөрү башка аспаптык күүлөргө караганда саны, сапаты, түрү, күүлөнүшү, музыкалык темалардын өнүктүрүлүшү, көп добуштуулугу, ыкмалары менен айырмаланат жана башка элдердин классикалык аспаптык чыгармалары сыяктуу эле тема өнүктүрүү принцибинде куралган. Мисалы, башка европалык жанрлар: соната, сюита, симфония, вариация ж.б. Бул тууралуу музыка изилдөөчүлөр К. Дюшалиев менен Е. Лузанованын эмгегине көңүл бурсак, алар: “Обонунун масштабы өтө ар түрдүү - байкаларлык өнүгүүдө болгон, толук көркөм форманы түзгөн чыныгы "симфониялык" мүнөздөгү кеңейтилген музыкалык чыгарманы байкоого болот”, - деп туура маалымат беришет [4, 174-б.].

Элдик күүлөр – булар маданий баалуулук гана эмес, улуттук мүнөздү билдирген, мурасты алып жүрүүчү тарыхый-маданий доорлорду басып өткөн баалуулук системасынын объективдештирилген формасы. Аспаптык күү кыргыз музыкалык маданиятындагы кандайдыр бир өзүнө мүнөздүү спецификага ээ болгон көрүнүш катары эсептелет. Мындай мүнөздүүлүктү сыртынан эле байкоо жүргүзүү менен, анын абалтан эле салттуулугу менен шартталганын көрөбүз. Элдик күүлөрдүн салттуу түрдө бир муундан экинчи муунга өтүп, өсүп-өнүгүшүн тарых барактары тастыктап турат. Белгилүү музыка таануучу В. Виноградов “Ырчылар жана аспапчылар элдик салттуу музыкалык маданияттын бирден-бир алып жүрүүчүлөрү, өнүктүрүүчүлөрү болгон” –деп жазат эмгегинде [3, 69-б.].

Кылымдан кылым арытып, сансыз жылдарды басып өткөн Манас бабабыздын мезгилине таандык “Шүдүңгүт”, VI кылымга таандык «Бекар-стан Тайчы» аттуу күүсү, VII-VIII кылымдарга таандык «Тоныкөк», «Кул-тегин», «Мендирман» баяндары, кийинки XIII-XIV кылымдардагы «Кет Бука» окуясы, «Асан Кайгы» баяны, XVI-XVIII кылымдардагы «Ак Мак-тым», «Гүлгаакы», «Бекташ», «Шырдакбектин боз жорго», «Канышбек» сыяктуу дастандар аркылуу, тарыхый элдик күүлөрдүн өсүп-өнүгүп чертилип келгендигин улуу тарых жолу айгинелейт. Бирок, алар эл арасында кеңири таралбаса да, күүчүлүк өнөргө баш-оту менен кирип, элдик музыканттар колдон-колго, муундан-муунга өткөрүшүп, унутта калтырбай нечендеген кылымдар бою сактап келишкендиги бизге белгилүү.

XX кылымда элдик аспаптардын тарыхый өнүгүүсү, эл ичинде колдонулушу, алар үчүн жазылган күүлөр жана аткаруучулук чеберчилик жактары боюнча А.В. Затаевич, В.С. Виноградов, В.М. Беляев, Б. Алагушов, С. Субаналиев сыяктуу музыка таануучу-изилдөөчүлөр өзүлөрүнүн эмгектеринде чагылдырышкан. Бүгүнкү күнү кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрү билим берүү системасына киргизилип, жаш муундарды элдик аспаптык аткаруучулук өнөр боюнча кесиптик адистикке окутуу жүргүзүлүүдө.

XX кылымдын аягы XXI кылымдын башы менен комузчулук өнөргө жаш таланттарды тарбиялап, методикалык билим берүү менен окутуу жолунда тажрыйбалуу комузчу педагогдор эмгектенишүүдө. Алар комузчулук аткаруучулук боюнча окуу программаларын, методикалык колдонмолорун жана ошондой эле окуу куралдарын жазуунун үстүндө иштөөдө. Алсак, Б.Алагушов, Т.Медетов “Карамолдонун күүлөрү” (1978), Ч.Исабаев “Комуздун тандалма күүлөрү” (1988), К.Эргешова “Жаңы ыргак” (2004), Б.Алагушов “Комуз күүлөрүнүн антологиясы” 1-т. (2011), М.Касей “Хрестоматия: комуз көнүгүүлөрү, обон күүлөр, күүлөр” (2014), “Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы” (2015), “Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун усулу” (2015), “Аспап таануу” (2017), Э. Мааданбеков, К. Жакыпов “Кыргыз обондору комуздун коштоосунда” (2015) ж.б. эмгектер басмадан жарык көрүп, музыкалык мектептердин окуучулары, орто жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн абдан керектүү окуу куралдарынан болуп эсептелүүдө.

Учурда кийинки жаш муундардын арасында, улуулардын учугун улаган, комузчулук аткаруучулук өнөрүнө кызыгуулары артып, аткаруучулук чеберчилигин өркүндөткөн жаштардын саны жылдан жылга өсүүдө.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Абдимиталип уулу, Н., & Жапаралиев, Ш. (2023). “Диван Лугат ат-Түрктө” кездешкен музыкалык терминдер. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология,* (1(1), 1–11. https://doi.org/10.52754/16948874_2023_1(1)_1
2. Абдимиталип уулу, Н. (2025). Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгүндөгү кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын издери. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, 1*(1), бб. 17-25. https://doi.org/10.65469/eijournal.2025.1.3
3. Алагушов, Б. Кыргыз музыкасынын чалгынчысы [Текст]: В. С. Виноградов жөнүндө / Б. Алагушов. – Бишкек: Кыргызстан, 1969. – 127 б.
4. Аманалиев, Б. Общественная психология и религиозные предрассудки [Текст] / Б. Аманалиев. – Фрунзе: Илим, 1970. – 85 с.
5. Боронбаев, А., & Токтоназар уулу, Н. (2024). Кыргыздын салттуу маданиятындагы комуздун орду. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология,* (2(4), 76–81. https://doi.org/10.52754/16948823_2024_2(4)_13
6. Виноградов, В. Киргизская народная музыка [Текст] / В. Виноградов. – Фрунзе: Киргизгосиздат, 1958. – 333 с.
7. Джумабаев, Б., & Баякова, А. (2023). Кыргыз музыкалык фольклорунун башаты. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология,* (2(2), 62–68. https://doi.org/10.52754/16948823_2023_2(2)_10

8. Дюшалиев, К. Ш. Кыргызское народное музыкальное творчество [Текст]: учеб. пособие / К. Ш. Дюшалиев, Е. С. Лузанова. – Бишкек: Фонд “Сорос-Кыргызстан”, 1999. – 341 с.
9. Дюшалиев, К. Ш. О киргизской народной музыке [Текст]: сб. ст. / К. Ш. Дюшалиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 104 с.
10. Жайсаң Үмөт уулу. Айкөл Манас [Текст] / Жайсаң Үмөт уулу. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 7-китеп. – 453 б.
11. Затаевич, А. В. Киргизские инструментальные пьесы и напевы [Текст] / А. В. Затаевич. – М.: Сов. композитор, 1971. – 421 с.
12. Иметов, Б., Дамилова, Н., & Ормонова, Г. (2024). Жолболду Алибаев – нукура элдик маданияттын улантуучусу. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (1), 173–184. https://doi.org/10.52754/16948610_2024_1_16
13. Калыбеков, А.И. (2024). Музыка инсандын социалдык-коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү фактору катары. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология,* (1(3), 53–58. https://doi.org/10.52754/16948823_2024_1(3)_8
14. Козубаев, О., Ыразаков, Д., & Камбарова, Н. (2023). Проблемы духовности в современной музыке. *Вестник Ошского государственного университета*, (1), 170–178. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_1_21
15. Молдобакиров, З. Кыргыз бийлеринин тарыхы [Текст] / З. Молдобакиров. – Бишкек: Maxprint, 2018. – 164 б.
16. Саякбаев, Ж. С. Древние кыргызы и их истоки [Текст] / Ж. С. Саякбаев. – Бишкек: Текник, 2003. – 82 с.
17. Субаналиев, С. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары: идиофондор, мембранофондар, аэрофондор [Текст] / С. Субаналиев. – Фрунзе: Адабият, 1991. – 142 б.